# Манас гезити

КЫРГЫЗ - ТҮРК "МАНАС"
УНИВЕРСИТЕТИНИН КАБАР БЮЛЛЕТЕНИ



АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШ

# ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИ Р.Т.ЭРДОГАН – ТҮРК ДҮЙНӨСҮНҮН ЧОЛПОН ЖЫЛДЫЗЫ "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНДЕ

30 *Жыл Yıl*

# МАЗМУНУ




Азиянын алдыңкы университети – "Манас" 05



Түркия Республикасынын президенти Режеп Таййип Эрдоган түрк дүйнөсүнүн чолпон жылдызы - "Манас" университетинде 06



"Билим берүүгө жасаган инвестиция текке кетпейт" 10



Түрк Мамлекеттер Уюмунун 11-саммити Бишкекте өттү 12



Президент Эрдоган Түрк мамлекеттер уюмунун мамлекет башчыларынын кеңешинин 11-саммитинде сөз сүйлөдү 14



Кыргызстандын президенти Жапаровго Togg белекке берилди 18



Кыргыстан-Түркия 19 келишимге кол коюлду 20

# МАЗМУНУ




Президент Эрдоганга биринчи даражадагы “Манас” ордени ыйгарылды 21





Ректор Жейлан TRT Avaz “Евразия күн тартиби” программасына маек берди 22





Кыргыз-Түрк кол өнөрчүлүгү: “Өткөндүн даңазасын келечекке өткөрүп берүү” 24





Президент Режеп Тайийп Эрдоган Кыргыз-Түрк Достук мамлекеттик ооруканасынын” ачылыш аземине катышты 26





Эмине Эрдоган Кыргызстандагы Түркия Маариф Фондунун мектебине барды 28





Кыргыз-Түрк «Манас» университети президенттер Эрдоган жана Жапаровдун колдоосу менен жаңы доорго кадам таштайт 30



**Басып чыгаруучу:** Кыргыз-Түрк Манас Университети **КТМУнун атынан гезит ээси:** Ректор Проф. докт., Алпаслан Жейлан, Биринчи проректор саясий илимдердин кандидаты, доцент Алмаз Ибраев **Башкы редактор:** Доц. докт Бахадыр Дары **Редактор:** Доц. докт Бахадыр Дары, Доц. докт., Эрдоган Акман, Ага окутуучу докт., Бакыт Орунбеков, кенже илимий кызматкер Зеки Окяй **Редактордун орун басары:** Гүлназира Исмаил кызы **Гезит дизайны:** Равшан Абдуллаев **Кат алышуу маалыматы:** КТМУ, Чыңгыз Айтматов кампусу, Коммуникация факультети, Бишкек ш. тел: +996 (312) 492756/1164

QS WORLD UNIVERSITY RANKINGS

Басма сөз жана коом менен байланыш бюросу

# АЗИЯНЫН АЛДЫҢКЫ УНИВЕРСИ-ТЕТИ – "МАНАС"

***Эл аралык рейтингдерде тынымсыз жогорку көрсөткүчтөрдү жаратып келе жаткан Кыргыз-Түрк "Манас" университети (КТМУ) 2025-жылы QS Борбордук Азия рейтингинде 10-орунду, QS Азия рейтингинде 230-орунду ээлеп, QS Туруктуулук рейтингине кирген Кыргызстандын алгачкы жана жалгыз университети болду.***

***Эл аралык деңгээлдеги тарыхый ийгиликтер***

Акыркы беш жыл ичинде жүргүзүлгөн үзгүлтүксүз аракеттердин натыйжасында КТМУ эл аралык деңгээлге чыгууда окуу жайдын тарыхындагы эң чоң ийгиликтерди багындырды. Бул жетишкендиктерге университеттин академиялык жана иш берүүчүлөр арасындагы кадыр-баркынын жогорулашы, факультет/студент катышынын жогорулашы, ар бир окутуучунун илимий шилтемелеринин көбөйүшү, эл аралык окутуучулардын жана студенттердин пайыздык көрсөткүчтөрүнүн өсүшү чоң таасир этти. КТМУ академиялык мыктылыгы, изилдөө иштери жана эл аралык деңгээлде таанымалдыгы менен өзүнүн көрүнүктүүлүгүн бир кыйла арттырды.

***Туруктуулукта лидерлик***

КТМУ академиялык ийгиликтеринен сырткары, туруктуулук жаатында да чоң натыйжаларга жетишип, өлкөдө алдыңкы ЖОЖго айланды. Университет экологиялык таасир, социалдык таасир жана башкаруу ченемдеринде мыкты көрсөткүчтөрдү камсыздап, QS Туруктуулук рейтингинде орун алган Кыргызстандын алгачкы жана жалгыз университети катары таанылды.

***Дүйнөлүк брендге айлануу максаты/багыты***

Эл аралык абройлуу QS рейтингинде үч жыл катары менен дүйнөнүн эң мыкты 1000 университетинин катарына кирген, QSтин 4 жылдыздуу университеттери арасына кошулган, Азия боюнча QS рейтингинде 230-орунга, Борбордук Азия рейтингинде 10-орунга көтөрүлгөн, туруктуулук жаатында Кыргызстандын лидери деп табылган, заманбап тилдерди окутуу тармагында дүйнөнүн мыкты университеттери катарында орун алган жана Times Higher Education рейтингинде жогорку саптарды ээлеген КТМУ эл аралык жетишкендиктери менен Кыргызстандын жогорку билим берүү тармагын алгачкы жолу дүйнөлүк платформага алып чыкты. Университет өзүнүн "дүйнөлүк бренд" болуу максатына тездик менен жакындап баратат.

***Ишенимди актаган университет***

Түркия Республикасынын Президенти Режеп Тайып Эрдоган менен Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун көздүн карегиндей баалаган жана өзгөчө көңүл бурган "Манас" университети, эки мамлекеттин чоң колдоосуна таянып, эл аралык деңгээлде жогорку жетишкендиктерге жетүү менен негиздөөчүлөрдүн жана түрк дүйнөсүнүн көрсөткөн ишенимин актады.

Президент Режеп Тайып Эрдогандын "дүйнөлүк бренд болуу" деп мүнөздөгөн көрөгөчтүк максатына жетүүнү көздөгөн КТМУ, аймактагы лидерлик жана атаандаштык артыкчылыктарын көрсөтүү менен дүйнөлүк деңгээлде алдыңкы университет болууга толук мүмкүнчүлүк бар экенин далилдеди. Бул жетишкендиктери менен КТМУ Кыргызстандын жана аймактын жогорку билим берүү тармагындагы эң алдыңкы жана абройлуу окуу жайына айланды.

# Түркия Республикасынын Президенти Р.Т.Эрдоган – Түрк дүйнөсүнүн чолпон жылдызы "Манас" университетинде



***Түрк мамлекеттер уюмунун мамлекет башчыларынын 11-саммитине катышуу үчүн Бишкекке келген Түркия Республикасынын президенти Режеп Тайийп Эрдоган 2024-жылдын 5-ноябрында Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы билим берүү тармагындагы достуктун жана кызматташтыктын символу болгон Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде болуп, академиялык жана коомдук түзүмдөрдүн жамааттык ачылыш аземин өткөрдү.***

Түркия Республикасынын президенти Режеп Тайийп Эрдоган менен бирге Түндүк Кипр Түрк Республикасынын президенти Эрсин Татар, Түрк мамлекеттер уюмунун Аксакалдар кеңешинин төрагасы Бинали Йылдырым, тышкы иштер министри Хакан Фидан, энергетика жана жаратылыш ресурстары министри Алпарслан Байрактар, маданият жана туризм министри Мехмет Нури Эрсой, улуттук коргоо министри Яшар Гүлер, саламаттыкты сактоо министри Кемал Мемишоглу, соода министри Өмер Болат, улуттук чалгындоо уюмунун төрагасы Ибрахим Калын, президенттик аппараттын коммуникация башкармалыгынын башчысы Фахреттин Алтун, Түндүк Кипр Түрк Республикасынын Коомдук иштер жана транспорт министри Эрхан Арыклы, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министринин орун басары Расул Авазбек уулу, президенттин тышкы саясат жана коопсуздук боюнча башкы кеңешчиси Акиф Чагатай Кылыч, АК партиянын төрага орун басары жана партиянын басма сөз катчысы Өмер Челик менен бирге башка расмий адамдар да келишти. Түркия Республикасынын Кыргызстандагы элчиси Ахмет Садык Доган, КТМУнун Камкорчулар кеңешинин төрагасы, профессор Ибрахим Чапак, ректор, профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор, саясий илимдеринин кандидаты доцент Алмаз Ибраев катышкан аземде профессордук-окутуучулук курам жана студенттер орун алды.

Салтанаттуу азем боордош эки өлкөнүн мамлекеттик гимндерин аткаруу менен башталды. Андан кийин Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин таанытуу тасмасы көрсөтүлдү.

***Президент Режеп Тайийп Эрдоган: "Тамыры терең боордоштук жыл сайын өсүп, бекемделүүдө."***

Түркия Республикасынын президенти Режеп Тайийп Эрдоган Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин академиялык жана коомдук түзүмдөрдүн жамааттык ачылыш аземинде сүйлөгөн сөзүндө Кыргызстанга келгенине

кубанычта болгонун билдирип, "Урматтуу боордошум, Кыргызстандын президенти Жапаровдун чакыруусу менен сиздерге, ата-бабаларыбыздын мекени болгон Кыргызстанга келип отурганыма абдан кубанычтамын", - деди.

Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы тамыры терең боордоштуктун бекемделип жатканын белгилеген президент Эрдоган: "Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы боордоштук терең тамырлуу чоң чынар бак сыяктуу жыл сайын өсүп, бекемделип, ар түрдүү тармактарда бутактанып жатат. Биз ата-бабаларыбыздан калган бул бир туугандык жана кызматташтык рухун келечекке жеткирүү үчүн чечкиндүү кадамдарды жасап жатабыз. Биздин кызматташтыктын үзгүлтүксүздүгүнүн эң маанилүү өбөлгөсү - албетте, билим берүү жана кадрларды даярдоо жаатындагы долбоорлорубуз. Түркия катары биз да кыргыз жаштарынын жаркын келечек куруусуна колдоо көрсөтүү үчүн билим берүү жана кадрларды даярдоо боюнча аракеттерибизди улантып жатабыз", - деп Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы достуктун узун тарыхый жолу болгонун жана муну келечекке билим берүү аркылуу жеткире билүү мүмкүндүгүн баса белгиледи.

Президент Эрдоган өз сөзүндө эки өлкөнүн ортосундагы билим берүү тармагындагы кызматташтыкты өнүктүрүү процессине баа берип, Кыргызстан эгемендик алгандан кийин билим берүү тармагына Түркия тарабынан көрсөтүлгөн колдоолорго токтолуп, боордоштук байланыштын бекемделгенин айтты.

***Биргелешкен билим берүү келишимдери жана мектептер менен күчтүү башталгыч***

Президент Эрдоган: "Биздин биргелешкен орто мектептерибизде 400, Бишкектеги түрк мектебинде 1200, Түрк тилин үйрөтүү борборунун курстарында 3100 окуучу билим алууда. Түркиянын "Маариф" фондунун мектеби жакында ачылганына карабастан окуучулардын саны 1500гө жетти. Ал эми "Манас" университетинде 7000ге





жакын студент  жогорку билим алууда. Биз ар кандай деңгээлде жалпы 13 миңден ашуун студентке түздөн-түз билим берүү жагынан колдоо көрсөтүүдөбүз", - деди.

***"Эң чоң мурас - бул адамга кылынган инвестиция"***

Президент Режеп Таййип Эрдоган өзгөчө Кыргыз-Түрк "Манас" университети баш болгон эки өлкө ортосунда ишке ашырылган билим берүү долбоорлорунун жаш муундардын үмүт булагы экенин, адам ресурстарына жасалган инвестициянын туруктуу баалуулук жаратканын белгиледи. Президент Эрдоган бул жагынан "Манас" эпосуна токтолуп, "Адамзатка жасаган инвестицияларыбыз эч качан текке кеткен эмес. Караңызчы, бул чындык "Манас" эпосунда кандайча түшүндүрүлгөн: "Бала – мурас, береке. Бала – бул жашоого кубат. Калган нерсенин баары жасалма дүйнө, текке кеткен күч." Ооба, эң чоң мураска, адам баласына, инсанга, жаштыкка жана балага инвестиция салуу," – деп  билим берүү инвестицияларынын узак мөөнөттүү таасирине басым жасады.

Президент Эрдоган жаштарга багытталган билим берүү долбоорлорунун маанисине токтолуп, келечекте илимпоз, академик, инженер, бюрократ жана сүрөтчү болуп коомго салым кошо турган инсандарды тарбиялоо максатын көздөлгөнүн айтты. "Бул жаатта "Манас" университети баш болгон бардык билим берүү мекемелерибиз ой жүгүрткөн, изденген, илимий өнүгүүлөрдү ээрчиген, миссиясы жана көз карашы бар, келечегибизди бейпилдик менен аманат кыла турган жаштарды тарбиялоого чоң салым кошот," - деди.

***"Манас" университети Кыргызстандын алдыга жылуусуна жол көрсөтөт"***

"Муну баарыбыз жакшы билебиз: университет тарабынан колдоого алынбаган экономикалык саясат, индустриялаштыруу программасы, тышкы саясат жана маданий саясаты толук эмес бойдон калат. Бул жагынан "Манас" университети Кыргызстандын алдыга жылуусу-




на жол көрсөтөт," – деген президент университеттердин бир гана билим берүүдө эмес, ошол эле учурда өнүгүү жана маданий өнүгүү процесстеринде да абдан маанилүү роль ойноорун айтты. "Манас" университети түрк дүйнөсүнө салым кошкон тамыры терең билим берүү мекемеси катары жаштарга миссия жана концепция тартуулоону улантып жатканын билдирди. Ошондой эле университеттин жетишкендиктерине көңүл буруп, дүйнөдө маанилүү академиялык деңгээлге жеткенин айтты.

***"Манас" университети тарыхтан шыктануу менен келечекти курууда***

Президент Эрдоган "Манас" университети тамыры терең тарыхтан шыктанып түптөлгөнүн айтып, мындай деп улантты: "Биз "Манас" университетибизди ата-бабаларыбыздын тарыхый жетишкендиктеринен шыктануу менен маданиятыбыздын жанданышына салым кошуу максатында түптөдүк. Биздин университет 29 жылдан бери достук жана боордоштук мамилелердин эң мыкты үлгүлөрүнүн бири болуп калды. Учурда дүйнөнүн 45 өлкөсүндө "Манас" университетин бүтүргөн боордоштопубуз бар."

***Билим берүү жана академиялык структурасы бекемделүүдө***

Президент Эрдоган "Манас" университетинин күчтүү академиялык түзүмдөрүнө да көңүл буруп, 11 факультет, 1 жогорку мектеп, 1 кесиптик мектеп жана ЖОЖдон кийинки билим берүү институту менен окуу жайдын негиздөө миссиясын толук аткарганын баса белгиледи. "Манас" университети студенттердин академиялык өнүгүүсүнө гана эмес, алардын маданий жана социалдык жактан да өнүгүүсүнө салым кошуп жатканын билдирди.

***"Дүйнөдөгү эң мыкты 1000 университеттин бири"***

Президент Эрдоган "Манас" университетинин эки жыл катары менен дүйнөнүн эң мыкты 1000 жогорку окуу жайынын катарына киргендигин укканда кубанганын жана бул ийгилиги университетти Кыргызстан менен Түркиянын гана эмес, бүткүл түрк дүйнөсүнүн да сыймыгына айланганын айтып, буларга токтолду: "Келечегибизди жан дүйнөнүн тынчтыгы менен аманат кыла тургандай миссияга жана концепцияга ээ жаштарды тарбиялап жатабыз", - деди жана бул ийгиликке салым кошкон бардык окутуучуларды жана студенттерди чын жүрөктөн куттуктады.

"Бүгүнкү күнгө чейин ийгиликтердин эселеп көбөйүшү үчүн бир дагы түйшүктөрдөн качкан жокпуз. Премьер-министр кызматын аркалап турган мөөнөттөн тарта университетке жакындан көңүл буруп келебиз. 2013-жылдын 10-апрелинде окуу жайыбыздын комплексинде бүткөрүлгөн түзүмдөрдү мен жеке өзүм ачтым. Бүгүнкү күндө биз 110 жаңы объект жана долбоорлорду дагы арттыруунун кубанычын жашап жатабыз," – деп "Манас" университетине көрсөткөн кызыгуусун жана колдоосун кошумчалады. Президент Эрдоган "Манас" университетине салынган жаңы инвестициялар менен окуу жайдын билим берүү инфраструктурасы дагы бекемделгенин билдирип, "Алардын арасында 2 факультет, 1 институт жана 26 лабораторияны да камтыган бул кызмат, инвестиция жана имараттардын баары университет үчүн жакшылыктарга себеп болушун каалайм. Бул объектилерди курууга салым кошкон компаниялардын жумушчусунан инженерине, университеттин жетекчилигине, кайрымдуулук кылган адамдан расмий уюм жана мекемелерге чейин баарыңыздарды куттуктайм."

"Манас" университетинин Кыргызстан үчүн гана эмес, бүтүндөй түрк дүйнөсү үчүн маанилүү билим борбору экенине көңүл бурган президент: "Түркиянын президенти катары Кыргызстандын жана түрк дүйнөсүнүн эң таанымал окуу жайларынын бири болгон "Манас" университетинен алдыдагы мезгилде мындан да чоң долбоорлорду, квалификациялуу илимий изилдөөлөрдү жана маанилүү жетишкендиктерди күтөм", -деди.

***"Тамырыңыздарга бекем болуңуздар"***

Президент Эрдоган өз сөзүндө "Манас" университетинин студенттерине кайрылып, "Урматтуу жаштар, тамыры менен байланышы алсыраган, алтургай үзүлө турган дарактар сыяктуу өйдө-ылдыйда багытын жоготоорун унутпагыла. Тарых, маданий баалуулук, үй-бүлө, ишеним жана идеалдар менен байланышыңарды эч качан үзбөгүлө!" Ошондой эле ар бир жумушта эң жакшысын көздөп, тынымсыз күрөшүп, аларга кыялдарын ишке ашырууга кеңеш берди.

"Манас" университетинин түрк дүйнөсү үчүн маанилүү билим берүү мекемеси катары позициясын бекемдегенин белгилеген президент Эрдоган окуу жайдын келечекте дагы да чоң ийгиликтер менен эскерилүүсүн каалаганын айтып сөзүн жыйынтыктады.

***Президент Татар: "Көңүлүм сиздер менен"***

Салтанаттуу аземде сөз сүйлөгөн ТКТРнын президенти Эрсин Татар өткөн жылы Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде "Ардактуу доктор" наамын алганына сыймыктанганын билдирип, "ошол күндөн тартып көңүлүм ар дайым сиздер менен болду", - деди. Президент Татар Кыргызстан менен Түркия Республикасынын ортосундагы барган сайын өнүгүп келе жаткан мамилелерди белгилеп, бул мамилелердин бекемделишине абдан кубанычта экенин билдирди. Президент Татар чакыруу үчүн рахматын айтып, "Урматтуу президент Режеп Таййип Эрдоганга ТКТРга көрсөткөн колдоосу үчүн ушул жерден дагы бир жолу ыраазычылык билдиргим келет", - деди.

***Президенттин жана министрлердин колдоосу менен алдыга карай***

Камкорчулар кеңешинин төрагасы, профессор Ибрахим Чапак президент Эрдогандын "Манас" университетине болгон сапарына абдан кубанычта болгонун билдирип, окуу жайдын дүйнөдөгү алдыңкы 1000 университеттин катарына кошулуусунда президенттин жана тийиштүү министрликтердин колдоосун баса белгиледи. Профессор Ибрахим Чапак: "Биздин университет дүйнөдөгү алдыңкы 1000 университеттин катарында. Президенттин жана министрлердин колдоосу менен мындан ары да алдыга карай жыла бермекчибиз. Академиялык жана административдик жактан студенттерди эң мыкты деңгээлде өстүрүү максатында талыкпай эмгектенип жатабыз", - деди. Төрага, профессор Ибрахим Чапак өз сөзүндө Камкорчулар кеңеши катары университеттин жетекчилигине көрсөткөн бардык колдоосун баса белгилеп, "Камкорчулар кеңеши катары ректорго жана жетекчиликке чексиз колдоо көрсөтүп, окуу жайдын мыкты деңгээлге жетиши үчүн колдон келген аракетибизди жумшай бермекчибиз", - деди.

***"Президенттин сапары биз үчүн майрам"***

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, профессор Алпаслан Жейлан саламдашуу сөзүндө президент Эрдогандын окуу жайга келиши чоң сыймык экенин белгилеп, жалпы жамааттын атынан ыраазычылык билдирди. Президент Эрдогандын иш графигинин тыгыздыгына карабай окуу жайга келгени "Манас" үй-бүлөсүнө чоң кубаныч тартуулаганын айтып, мындай деп жыйынтыктады: "Урматтуу президент, иш графигиңиздин тыгыздыгына карабай биздин университетке көрсөткөн кызыгууңуз үчүн ыраазычылык билдирем. Сизди "Манас" университетинде дагы бир жолу тосуп алуу биз үчүн майрам. "Манас" үй-бүлөсү сиздин ар дайым ден соолукта болушуңузду тилейт. Бар болуңуз!"

***"Эки өлкө ортосундагы достукту бекемдей турган жаштарды өстүрүп жатабыз"***

Биринчи проректор, саясий илимдеринин кандидаты доцент Алмаз Ибраев академиялык жана коомдук түзүмдөрдүн жамааттык ачылыш азeминде сүйлөгөн сөзүндө президент Эрдогандын иш графигинин тыгыздыгына карабай окуу жайга келгенине кубанычта болгонун билдирди. КТМУ Кыргызстан менен Түркиянын, ошондой эле жалпы боордош түрк мамлекеттеринин ортосундагы маданий жана социалдык байланыштарды бекемдеген өзгөчө аянтча экенин айтып, "Келечекте бул университетте билим алган студенттер эки өлкөнүн ортосундагы достукту чыңдоодо, билим берүү тармагындагы кызматташтыкты өркүндөтүүгө өз салымын кошот", - деди.

Иш-чара президент Эрдогандын "Манас" университетинде ишке ашырган 110-жамааттык ачылыш аземинен кийин эстеликке сүрөткө түшүү менен аяктады. Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин академиялык жана коомдук түзүмдөрдүн жамааттык ачылыш аземи "Манас" телеканалы аркылуу бүткүл Кыргызстанга түз эфирде чагылдырылды. TRT News да бир эле учурда "Манас" телеканалынын түз эфирин толугу менен көрсөттү.






# "Билим берүүгө жасаган инвестиция текке кетпейт"

***Түрк мамлекеттер уюмунун мамлекет башчыларынын 11-саммитине катышуу үчүн Кыргызстандын борбору Бишкекке келген Түркия Республикасынын Президенти Режеп Таййип Эрдоган Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде болуп, Академиялык жана коомдук түзүмдөрдүн ачылыш аземине катышты.***

Түркия Республикасынын президенти Режеп Таййип Эрдогандын академиялык жана коомдук түзүмдөрдүн жамааттык ачылыш аземинде сүйлөгөн сөзү

*Урматтуу президент Эрсин Татар,*

*окуу жайдын кымбаттуу кызматкерлери,*

*сүйүктүү студенттер,*

*жалпы айымдар жана мырзалар...*

*сиздерге чын жүрөгүмдөн салам айтам.*

Урматтуу боордошум, Кыргызстандын Президенти С.Жапаровдун чакыруусу менен сиздерге, ата-бабаларыбыздын мекени болгон Кыргызстанга келип отурганыма абдан кубанычтамын.

Жамааттык ачылыш аземибиз университет үчүн жакшылыктарга себеп болушун тилеп, бардык студенттерге жана окутуучуларга ийгиликтерди каалайм!

Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы боордоштук тамыры терең чоң чынар бак сыяктуу жыл сайын өсүп, бекемделип, ар түрдүү тармактарда бутактанып жатат.

Биз ата-бабаларыбыздан калган бул бир туугандык жана кызматташтык рухун келечекке жеткирүү үчүн чечкиндүү кадамдарды жасап жатабыз.

Биздин кызматташтыктын үзгүлтүксүздүгүнүн эң маанилүү өбөлгөсү - албетте, билим берүү жана кадрларды даярдоо жаатындагы долбоорлорубуз.

Түркия кыргыз жаштарынын жаркын келечек куруусуна колдоо көрсөтүү үчүн билим берүү жана кадрларды даярдоо боюнча аракеттерибизди улантып жатабыз.

Ага ылайык, биз Кыргызстан эгемендик алгандан кийин эле 1992-жылы кол койгон билим берүү келишиминин алкагында биргелешкен орто мектептерибиз; Түрк-Кыргыз Анадолу орто мектебин жана Анадолу кыздар кесиптик лицейин ачтык.

Биз, 1995-жылы "Манас" университетинин пайдубалын түптөдүк.

2022-жылы Түркиянын "Маариф" фондунун мектебинин ачылышы менен Кыргызстандагы билим берүүгө болгон колдообузду дагы бир жолу ырастадык.

Бул этапта биздин биргелешкен орто мектептерибизде 400, Бишкектеги түрк мектебинде 1200, Түрк тилин үйрөтүү борборунун курстарында 3100 окуучу билим алууда.

Түркиянын "Маариф" фондунун мектеби жакында ачылганына карабастан окуучулардын саны 1500гө жетти.

"Манас" университетинде болсо 7000ге жакын студент жогорку билим алууда.

Башкача айтканда, биз ар кандай деңгээлде жалпы 13 миңден ашуун студентке түздөн-түз билим берүү жагынан колдоо көрсөтүүдөбүз.

Мындан сырткары, бүгүнкү күндө миңдеген кыргызстандык студентке "Түркия стипендиялары" аркылуу Түркияда окууга мүмкүнчүлүк бердик.

Билим берүүгө жасаган инвестициялардын эч качан текке кетпегенин жана текке кетпей турганын баарыбыз жакшы билебиз.

Караңызчы, бул чындык "Манас" эпосунда кандайча түшүндүрүлгөн:

"БАЛА – БАЙЛЫК, МУРАС,

БАЛА – ЖАНГА КУБАТ.

МЫНДАН БАШКАСЫ КӨР ДҮЙНӨ,

ТЕККЕ КЕТКЕН ЭМГЕК."

Ооба, эң чоң мурас - адам баласына, инсанга, жашка жана балага инвестиция салуу.

Эң башкысы, келечектеги илимпоздорду, академиктерди, инженерлерди, бюрократтарды, саясатчыларды, маданият жана искусство инсандарын өстүрүү.

Эң башкысы – түрк адабиятынын сыймыктарынын бири ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ сыяктуу залкар ысымдарды өстүрүү.

Бул жаатта "Манас" университети баш болгон бардык билим берүү мекемелерибиз ой жүгүрткөн, изденген, илимий өнүгүүлөрдү ээрчиген, миссиясы жана концепциясы бар, келечегибизди бейпилдик менен аманат кыла турган жаштарды тарбиялоого чоң салым кошот.

Муну да баарыбыз абдан жакшы билебиз:

Университет тарабынан колдоого алынбаган экономикалык саясат, индустриялаштыруу программасы, тышкы саясат жана маданият саясаты толук эмес бойдон калат. Бул жагынан "Манас" университети Кыргызстандын алдыга жылуусуна жол көрсөтөрүнө ишенем.

***Урматтуу окутуучулар, кымбаттуу студенттер,***

Биз "Манас" университетибизди ата-бабаларыбыздын тарыхый жетишкендиктеринен шыктануу менен маданиятыбыздын жанданышына салым кошуу максатында түптөдүк.

Биздин университет 29 жылдан бери достук жана боордоштук мамилелердин эң мыкты үлгүлөрүнүн бири болуп келет. 1997-жылы студенттерди кабыл ала баштагандан бери университетти 13 200 студент аяктады.

Бүгүнкү күндө дүйнөнүн 45 өлкөсүндө "Манас" университетин бүтүргөн боордошторубуз бар. 11 факультет, 1 жогорку мектеп, 1 кесиптик мектеп жана ЖОЖдон кийинки билим берүү институтунан турган окуу жайыбыз өзүнүн негизги миссиясын татыктуу аткарып жатат.

"Манас" университети эки жыл катары менен дүйнөдөгү эң алдыңкы 1000 жогорку окуу жайдын катарына киргенин угуп, абдан кубандым. Бул жетишкендик Кыргызстан менен Түркиянын гана эмес, бүткүл түрк дүйнөсүнүн сыймыгы болуп саналат.

Бул жетишкендикке өз эмгегин жумшап, салым кошкон бардык окутуучуларды, студенттерди чын жүрөктөн куттуктайм.

***Сиздерди ар дайым ийгилик коштосун!***

Бул жерде мен төмөнкүлөрдү так айткым келип турат:

Бүгүнкү күнгө чейин ийгиликтердин эселеп көбөйүшү үчүн бир дагы түйшүктөн

Премьер-министр кызматын аркалап турган мөөнөттөн тарта университетке жакындан көңүл буруп келебиз.

2013-жылдын 10-апрелинде университеттин комплексинде бүткөрүлгөн түзүмдөрдү жеке өзүм ачтым.

Бүгүн биз аларга 110 жаңы объект, имарат, кызмат, өнүм жана долбоорлорду дагы кошуу кубанычына күбө болуп отурабыз.

Алардын арасында 2 факультет, 1 институт жана 26 лабораторияны да камтыган бул кызмат, инвестиция жана имараттардын баары университет үчүн жакшылыктарга себеп болушун каалайм. Бул объектилерди куруугa салым кошкондордун бардыгын, жумушчусунан инженерине, университеттин жетекчилигин, кайрымдуулук кылган адамдан расмий уюм жана мекемелерге чейин баарыңыздарды куттуктайм!

Түркиянын президенти катары Кыргызстандагы гана эмес, түрк дүйнөсүндөгү эң белгилүү университеттердин бири болгон "Манас" университетинен алдыдагы мезгилде мындан да масштабдуу долбоорлорду, квалификациялуу илимий изилдөөлөрдү жана маанилүү жетишкендиктерди күтөм.

Университеттин студенттерине муну эскертип койгум келет:

Тарых, маданий баалуулук, үй-бүлө, ишеним жана идеалдар менен байланышыңарды эч качан үзбөгүлө!

Маркум Чыңгыз Айтматов: "Адам жашоосун тоодогу чыйыр жолго окшоштуруп, ынтымактуулар, бири-бирин колдогондор гана максатка жетет", - деген.

***Жеке өнүгүү, албетте, маанилүү.***

Муну менен бирге адам өзүнүн үй-бүлөсүндө, жашаган коомдо, ошол коомдун баалуулуктары жана маданиятында бирге болсо маңызын табат. Өзүнүн инсандыгын курат.

Айрыкча, технология жана санариптик дүйнө биздин жашообузду курчап турган мезгилде үй-бүлөңөр жана өзүңөргө таандык болгон коом менен тыгыз байланышта болбосоңор, анда көп өтпөй эле жалгыздыкка, үмүтсүздүккө жана аргасыздыкка дуушар болосуңар.

Ошондуктан билим алуу жана иш дүйнөсүнүн ар бир этабында үй-бүлө, улут жана өлкө алдындагы милдеттериңерди эсиңерден чыгарбагыла!

Биз дээрлик 40 жылдан бери ар кандай террордук уюмдар менен күрөшүп келген өлкөбүз.

Акылыңарды алгысы келгендерге, инсандыгыңарды узурпациялоону каалагандарга, силерди идеологиясы менен кул кылгысы келгендерге эч кандай колдоо көрсөтпөгүлө.

Улуу адам катары мен силерге бере турчу кеңешим, кылып жаткан ар бир ишиңерде мыкты болууга умтулуп, мыкты нерселерге жетүү үчүн аракет кылып, күрөшүп, кыялдарыңарга умтулууну эч качан токтотпогула!

Аллахым силердин жолуңарды жана бактыңарды ачык кылсын! Сиздер менен кайрадан жолугушканга чейин!

Баарыңыздарга жаңы окуу жылында ийгиликтерди каалайм! Аллахга аманат! Бар болгула!



# ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕР УЮМУНУН 11-САММИТИ БИШКЕКТЕ ӨТТҮ

***2024-жылдын 6-ноябрында Түрк Мамлекеттер Уюмунун (ТМУ) Он биринчи Саммити Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун төрагалыгы алдында Бишкек шаарында өттү.***















*Түрк Мамлекеттер Уюму*




**Саммиттин алкагында кабыл алынган чечимдердин арасында:**

- *Туруктуу келечек үчүн Түрк Жашыл Концепциясы;*
- *Бишкектин 2025-жылы Түрк дүйнөсүнүн санариптик борбору деп жарыяланышы;*
- *Түрк Дүйнөсүнүн Хартиясы;*
- *ТМУнун Туруктуу Өкүлдөр Регламенти;*
- *ТМУнун Туусунун кабыл алынышы;*
- *Венгриянын Премьер-министри Виктор Орбанга "Түрк дүйнөсүнүн жогорку сыйлыгы" жана Нобель сыйлыгынын лауреаты, профессор Азиз Санжарга "Алишер Навои эл аралык сыйлыгы" тапшырылгандыгы жана ТМУ Катчылыгынын алкагындагы дайындоолор кирет.*

Саммитке Азербайжан Республикасынын Президенти Илхам Алиев, Казакстан Республикасынын Президенти Касым-Жомарт Токаев, Түркия Республикасынын Президенти Режеп Таййип Эрдоган, Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёев, Венгриянын Премьер-министри Виктор Орбан, Түндүк Кипр Түрк Республикасынын Президенти Эрсин Татар, Түркмөнстандын Бишкектеги элчиси Н. Голлиев жана ТМУнун Башкы катчысы, элчи Кубанычбек Өмүралиев катышты. Ошондой эле ТМУ Ак сакалдар кеңешинин төрагасы жана Түрк кызматташтык уюмдарынын жетекчилери саммитке катышты.

Саммиттин алдында ТМУ Тышкы иштер министрлер кеңеши чогулуп, мамлекет башчылары тарабынан кол коюлуучу документтерге акыркы өзгөртүүлөрдү киргизди, министрлер деңгээлиндеги документтерди кабыл алып, уюмдун күн тартибиндеги маселелерди карап чыгышты.

"Түрк дүйнөсүн чыңдоо: экономикалык интеграция, туруктуу өнүгүү, санариптик келечек жана баары үчүн коопсуздук" темасына арналган саммитте мамлекет башчылары түрк дүйнөсүндөгү кызматташтыкты тереңдетүү жана бекемдөө боюнча чечкиндүүлүгүн баса белгилешти.

Саммитте ТМУ лидерлери аймактык жана эл аралык актуалдуу маселелер боюнча пикир алмашты. Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун сунушу боюнча Венгриянын Премьер-министри Виктор Орбан түрк дүйнөсүндө кызматташтыкты чыңдоого кошкон зор салымы үчүн Мамлекет башчыларынын кеңеши тарабынан "Түрк дүйнөсүнүн жогорку сыйлыгы" менен сыйланды.

**Мындан тышкары, мүчө мамлекеттердин министрлери жана мекеме башчылары:**

- *ТМУ мүчө мамлекеттеринин өкмөттөрү арасында санариптик экономика боюнча өнөктөштүк келишими;*
- *ТМУнун Жарандык коргоо механизмин түзүү тууралуу келишим,;*
- *ТМУ мүчө мамлекеттеринин Улуттук банктар кеңешин түзүү боюнча меморандум;*
- *ТМУ мүчө мамлекеттери арасында космоско байланыштуу иш-чаралар боюнча өз ара түшүнүшүү меморандуму;*
- *"Улуу Түрк тили моделин" өнүктүрүү боюнча меморандум жана ТМУ мүчө мамлекеттеринин Түрк Жашыл Финанс Кеңешин түзүү боюнча меморандумга кол коюшту.*

Саммиттин жыйынтыгында төрагалык Казакстандан Кыргызстанга өткөрүлүп берилди. Мамлекет башчылары ТМУнун Бишкек декларациясына кол коюшту. Ошондой эле, 2025-жылы Азербайжанда кезектеги расмий саммитти, ал эми ошол эле жылы Венгрияда бейрасмий саммит өткөрүү боюнча макулдашышты.

Саммиттен кийин ТМУнун Башкы катчысы Кубанычбек Өмүралиев жана Кыргызстандын Тышкы иштер министри Жээнбек Кулубаев пресс-конференция өткөрүп, саммиттин жыйынтыктары жана кабыл алынган чечимдер тууралуу маалымат берип, өз пикирлери менен бөлүштү.



# Президент Эрдоган Түрк мамлекеттер уюмунун мамлекет башчыларынын кеңешинин 11-саммитинде сөз сүйлөдү

***Түркия республикасынын президенти Режеп Тайийп Эрдоган Бишкектеги Ынтымак Ордо президенттик сарайда өткөн Түрк мамлекеттеринин мамлекет башчыларынын кеңешинин 11-саммитинде «Түрк дүйнөсүн бекемдөө: экономикалык интеграция, туруктуу өнүгүү, санариптик келечек жана бардыгы үчүн коопсуздук» темасында сөз сүйлөдү.***



Президент Эрдоган, Түрк Мамлекеттер Уюмунун төрагалыгы кызматын өткөрүп берген Казакстандын президенти Касым Комерт Токаевге кошкон салымы үчүн ыраазычылык билдирди.

Кыргызстандын президенти Садир Жапаровго чын ыкластуу меймандостугу үчүн ыраазычылык билдирген президент Эрдоган, Кыргызстандын жаңы мөөнөтүндө ийгиликтерди каалады.

Өлкөлөр ортосунда бекем байланыштарды түзүүнү жана орток келечекти курууну максат кылган Уюмдун 15 жылдык мааракеси өткөн айда белгиленгенин эске салган президент Эрдоган, түрк дүйнөсүндө өзгөчө көтөрүлгөн улуу интеллигент Исмаил Гаспыралынын «тилде, ойдо жана иште биримдик» ураанын жазылган эстелик тыйынды тартуулоодон кубанычта экенин айтты .

Гаспирали Исмаил бейди жана бүт өмүрүн Түрк дүйнөсүнүн биримдигине, ынтымагына жана боордоштугуна арнаган бардык интеллигенция өкүлдөрүн, саясатчыларды эскерген президент Эрдоган, саммиттин бүткүл түрк дүйнөсүнө пайдалуу болушун, кызматташтыктын жана тилектештиктин дагы да күчтөнүшүн каалады.

Президент Эрдоган Уюмдун Евразия географиясында жана анын тышында ыраатуулук жана гүлдөп-өнүгүү климатын бекемдеген үлгүлүү платформага айланганын баса белгилеп, Түркиянын маанилүү интеллигенция өкүлдөрүнөн Проф. докт., Али Фуад Башгилдин : «Ийгилик үчүн эң оболу эрк керек» дегенин эске салды.

Президент Эрдоган, түрк дүйнөсүн түбөлүктүү кылуу үчүн күчтүү эрктин бул саммитке келгендердин арасында абдан көп экенин белгилеп, жүрөктөр жана идеалдар биримдигинде биргелешип иш алып баруу менен Уюмду дагы да алдыга алып бара тургандарын баса белгиледи.

Президент Эрдоган Түштүк Кавказда 30 жылдан бери уланып жаткан кагылышуу жана туруксуздуктан кийин тынчтык жана ыраатуулук үчүн эшиктердин ачылганына көңүл буруп, төмөнкүлөргө токтолду:

"Биз Азербайжандын мекен согушунда шейиттерин курмандыкка чалуусу менен жетишкен тарыхый жетишкендиктери мүмкүн болушунча тез арада тынчтык келишимине кол коюу менен үстөл үстүндө бекемделет деп үмүттөнөбүз жана күтөбүз. Эл аралык коомчулук оккупацияланган Палестина аймактарында болуп жаткан геноцидди токтотуу жагынан жаман сыноону берип жатат, өзгөчө Газадагы тынчтык жана коопсуздук үчүн жоопкерчиликти Улуттар Кеңеши кабыл ала албайт. Нетаньяху өкмөтүнүн расисттик менталитети Газадагы зулумдуктардын көлөкөсүндө палестиналыктарды көчүрүүнү жана биздин биринчи кыбыла болгон Аль - Акса мечитинин статусун өзгөртүүнү каалабайт .

***"Түрк дүйнөсүнүн маанилүү милдеттери бар"***

Израилдин кан жана көз жашын бүт аймакка жайылтуу максаты Ливан жана Иранга кол салууларда да байкалганын белгилеген президент Эрдоган, Ливанда акыркы бир жылда каза болгондордун саны 3 миңге жакындап, жер которгондордун саны 1,5 миллиондон ашканына көңүлдөрдү бурду.

Президент Эрдоган, Газадагы кол салууларда 50



миңге жакын бейкүнөө адамдын өмүрүн алганын белгилеп, «Түркия катары бул жапайычылыкты, бул адамкерчиликсиз кыргындарды кабыл албайбыз. Израилди токтотуу жана 1967-жылдагы чек араларга негизделген туруктуу тынчтык орнотуу үчүн эки тараптуу жана көп тараптуу платформаларда колубуздан келгендин баарын кылып жатабыз, Чыгыш Иерусалим менен Палестина мамлекети да Түркиянын борбор шаары Иерусалим менен Түркиянын борборун алышы керек деп ойлойт»,- деди.

Түндүк Кипр Түрк Республикасынын президенти Эрсин Татарды Сушадан кийин Бишкекте көргөнүнө кубанычын билдирген президент Эрдоган сөзүн төмөнкүчө улантты:

«Кипр маселесинде аралдагы чындыктарга таянып адилеттүү жана туруктуу чечимге жетишүү үчүн түрк дүйнөсүнүн да маанилүү милдеттери бар. Кипр Түрктөрүнүн адилеттүү маселесин канчалык кучактап, алар менен тилектештик көрсөтсөк, биримдикти жана биримдикти ошончолук бекемдейбиз Түрк дүйнөсү катары киприлик түрктөрдүн арабыздагы ордун толуктайт деп күтөбүз. Ошол сыяктуу эле, байкоочу мүчөбүз Түркмөнстанды да үй-бүлөлүк ассамблеябызда толук кандуу мүчө катары көргүбүз келет.

***"Тынчтыкты орнотуу боюнча дипломатиялык аракеттер колдоого алынышы керек"***

Үчүнчү жылын аяктоо алдында турган Украинадагы согуштун аймакка терс таасирин тийгизип жатканына көңүл бурган президент Эрдоган: «Согуштун эң башынан бери эки тараптын тең үстөл үстүндө отурган сүйлөшүү процессин жана андан кийин туруктуу жана адилеттүү тынчтыкка жетишүүнү колдодук. Түрк мамлекеттеринин тынчтык орнотуу аракетине колдоо көрсөтүүсү биз үчүн абдан маанилүү деп эсептейм»,-деди. баа берди.

Аймактын ырааттуулугун жана коопсуздугун Ооганстандагы окуялардан бөлөк көрбөгөндөрүн баса белгилеген президент Эрдоган, боордош афган элинин жанында экендерин, убактылуу башкаруунун камтыган жана негизги адам укуктарына таянган мамилеси алар үчүн жаңы эшиктерди ача турганын айтты.

Президент Эрдоган 175 миллионго жеткен жаш жана динамикалуу калктын, 1,2 триллион доллардан ашкан соода көлөмүнүн жана бай маданий мурастын чоң ийгиликтерге жетишүү үчүн биримдиктин бекем пайдубалын түзгөнүн белгилеп, төмөнкүлөрдү бөлүштү:

"Биздин потенциалыбызды, айрыкча соода-экономика, ошондой эле илим, энергетика жана транспорт тармагында иш алып баруу пайдалуу болмок. 2040-жылга карай көз карашыбыздын элементтеринин бири болгон санариптик экономика боюнча өнөктөштүк келишими боюнча сүйлөшүүлөрдүн аяктаганына кубанычтамын . Ошондой эле Түркиянын инвестициялык фонду жакында ишке ашыра турган долбоорлорубузга колдоо көрсөтөрүнө ишенем энергиянын бир булагына болгон көз карандылыгыбызды азайтуу жана кайра жаралуучу энергияга көбүрөөк инвестиция салуу үчүн, келгиле, транспорт жагынан жалпы коридор долбоору сунуштаган уникалдуу мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланалы.

Түрк академиясы жана Түрк тил коому тарабынан өткөн жылдын сентябрь айында Бакуда өткөрүлгөн Биргелешкен алфавит комиссиясынын жыйынында орток түрк алфавити долбоору боюнча жетишилген макулдашуу тарыхый кадам болду. Биздин жалпы алфавитибиз да жалпы тагдырыбыздын, жалпы келечегибиздин жана келечекке бирге кадам таштоо эркибиздин символу. Бул жаатта аракеттерибизди арттыруу менен ортобуздагы бардык тоскоолдуктарды жоюп, түрк дүйнөсүнүн тарыхый кучагына кол коебуз»,-деди.

***"34 тамгадан турган бирдиктүү алфавит макулдашылды"***

Аксакалдар координациясында 2022-жылы башталган орток тилди өнүктүрүү үчүн орток алфавит түзүү иштеринин 2024-жылдын сентябрь айында аяктаганын эске салган президент Эрдоган, 34 тамгадан турган орток алфавит боюнча келишим түзүлгөнүн билдирди.

Президент Эрдоган, мындан ары бул алфавиттин негизинде мүчө өлкөлөр тарабынан керектүү трансформацияны жүргүзүүсү керектигине көңүл буруп, «Түркия, Азербайжан жана Түндүк Кипр Түрк Республикасы бул жагынан даяр. Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан жана Түркмөнстандын жаңы алфавитке өтүү демилгесин көтөрүшү туура болот »,-деп айтты.

Президент Эрдоган Түрк мамлекеттери уюмуна мүчө өлкөлөрдүн ортосундагы сооданы өнүктүрүү жана Орто коридордун эффективдүү колдонулушу үчүн атайын өкүл дайындоого даярдыктарга да токтолду.

Түрк дүйнөсү 2040 көз карашы белгилеген максаттарга жетүү үчүн бүгүн чыгара турган чечимдеринин идеалдардын биримдигине жеткен өнүккөн деңгээлди бүткүл дүйнөгө дагы бир жолу далилдей турганына чын жүрөктөн ишенгенин айткан президент Эрдоган сөзүн төмөнкүчө улантты:

"Бул жерден өзгөчө көңүлүңүздү бурам: 'Ыйман - тепкич чыга албаган жерге канатыңыз менен чыгуу' деп айткандай. Биз бул күндөргө жөө басуу, тоскоолдуктарды жеңүү, кыйынчылыктарды жеңүү, керек болсо канатыбыз менен чыгуу менен келдик. Бирок, биз дагы бир кылымды багынтуу үчүн дагы да олуттуу иштерди жасайбыз. Түрк дүйнөсүнүн урматына Кудайдан жолубузду жана бактыбызды ачык кылууну тилейм, мен сөздөрүмдү жыйынтыктап жатып, Кыргызстандын президенти, урматтуу Жапаров мырзага анын жылуу жана чын ыкластуу меймандостугу үчүн ыраазычылык билдирем."

Президент Эрдоган Кыргызстанда мамлекет жана өкмөт башчыларынын урматына берилген сый тамакка катышты

Түрк мамлекеттери уюмунун мамлекет жана өкмөт башчыларынын 11-саммитинен кийин Кыргызстандын президенти Жапаров тарабынан мамлекет жана өкмөт башчыларынын урматына берилген сый тамакка катышты.

Президенттик сарайдагы кечки тамакка президент Эрдоган менен катар Казакстандын президенти Касым-Жомарт Токаев, Азербайжандын президенти Илхам Алиев, Өзбекстандын президенти Шавкат Мирзиёев, Түркмөнстандын президенти Сердар Бердымухамедов, Венгриянын премьер-министри Виктор катышты. Орбан, Түндүк Кипр Түрк Республикасынын президенти Эрсин Татар жана Түрк мамлекеттер уюмунун башкы катчысы Кубанычбек Өмуралиев жана мейман өлкөлөрдүн министрлери катышты

***Түркия Республикасынын Президенттигине караштуу Коммуникация Башкармалыгы***



# Кыргызстандын президенти Жапаровго Togg белекке берилди




*Түркиянын Президенти Режеп Таййип Эрдоган Кыргызстандын Президенти Садыр Жапаровго "Памуккале ак" түстөгү Түркиянын улуттук электр унаасы Toggду белекке берди.*



Түрк Мамлекеттери Уюмунун (ТМУ) Мамлекет башчылары кеңешинин 11-саммитине катышуу үчүн Кыргызстанда жүргөн президент Режеп Тайип Эрдоган Садыр Жапаров менен "Ынтымак Ордо" сарайында жолугушту.

Сарайдын короосунда бир аз убакыт унааны карап чыккан жана баарлашкан президент Эрдоган менен Жапаров андан соң Togg унаасынын алдында сүрөткө түшүштү.

Президент Режеп Тайип Эрдоган рулда отурган Садыр Жапаровду жүргүнчү катары коштоп барды.



Жол жүрүп бара жатып, президент Эрдоган: "Карачы, үн деген жок, эч нерсе угулбайт. Кадирли Доган (Түркмөнстандын Эл Маслахатынын төрагасы Гурбангулы Бердымухамедов), билесиң, ал ак түстөн башка унаа айдабайт." - деди.

С.Жапаров: "Өтө сонун. Сизге чоң рахмат айтам. Аллах ыраазы болсун. Бул мен үчүн чоң белек." - деп жооп берди.

С.Жапаров президент Эрдоганга ат белекке берди



Андан соң президент Эрдоган жана анын жубайы Эмине Эрдоган Кыргызстандын президенти С.Жапаров менен бирге салттуу кыргыз боз үйүнө зыярат кылышты.

Зыярат маалында С.Жапаров тарабынан президент Р. Эрдоганга ат белекке берилди.

Президент Р. Эрдоган жана анын жубайы Эмине Эрдоган бир аз убакыт бою белекке берилген атка сабиз жана алма берип көрүштү.

*Түркия Республикасынын Президенттигине караштуу Коммуникация Башкармалыгы*



# Кыргыстан-Түркия 19 келишимге кол коюлду

***Түркия менен Кыргыстан коопсуздук, өнөр жай, энергетика, билим берүү, саламаттыкты сактоо жана маданият сыяктуу көптөгөн тармактарда эки тараптуу кызматташтыкты күчөтүүнү көздөгөн 19 келишимге кол коюшту.***

Бул тууралуу "Анадолу" маалымат агенттиги кабарлады. Агенттиктин маалыматына ылайык, документтер Түркия-Кыргыстан Жогорку деңгээлдеги стратегиялык кызматташтык кеңешинин алтынчы жыйыны жана Азербайжан, Казакстан жана Өзбекстан да катышкан Түрк Мамлекеттери Уюмунун (ТМУ) мамлекет башчылары катышкан саммиттин алкагында Түркиянын президенти Режеп Тайип Эрдоган тарабынан Бишкекке жасаган сапарында кол коюлган.

Режеп Таип Эрдоган Кыргызстандын президенти Садыр Жапаров менен өткөргөн биргелешкен маалымат жыйынында: "Өткөн жылы 2 миллиард доллардын тегерегинде болгон соода жүгүртүүнү 5 миллиард долларга чейин көбөйтүү үчүн көрүлө турган чараларды талкууладык." - деп билдирди.

"Түркия Кыргыстанга инвестиция салган алдыңкы беш өлкөнүн катарына кирет. Курулуш компанияларыбыз жалпы наркы 1 миллиард долларга жакын 90дон ашык долбоорду ишке ашырды. Ушунун негизинде өз ара инвестицияларды колдоо жана ишкерлерибизди ар тараптан колдоо боюнча кандай чараларды көрүүгө болорун талкууладык." - деп айтты Түркиянын президенти.

Кыргыз Республикасынын Түрк Мамлекеттери Уюмунун кеңешине төрагалык кылып жатканын белгилеген Режеп Тайип Эрдоган төрагалык мезгилинде "Түрк дүйнөсүндө кызматташтыкты мындан ары өнүктүрүүгө маанилүү салым кошо алаарына ишенерин" баса белгиледи.

***Түркия Республикасынын Президенттигине караштуу Коммуникация Башкармалыгы***

# ПРЕЗИДЕНТ ЭРДОГАНГА БИРИНЧИ ДАРАЖАДАГЫ "МАНАС" ОРДЕНИ ЫЙГАРЫЛДЫ



***Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров Түркия Республикасынын президенти Режеп Таййип Эрдоганга биринчи даражадагы "Манас" орденин тапшырды.***

Түрк мамлекеттер уюмунун мамлекет башчыларынын 11-саммитине катышуу үчүн Бишкекке келген Эрдоган "Ынтымак ордо" президенттик администрациясында өткөрүлгөн жолугушууга катышты.

Тапшыруу аземинде президент С. Жапаров Р.Эрдоганга Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы стратегиялык кызматташтыкты өнүктүрүүгө, эки элдин биримдигин жана достугун чыңдоого кошкон олуттуу салымы үчүн биринчи даражадагы "Манас" орденин ыйгарды.

# Ректор Жейлан TRT Avaz "Евразия күн тартиби" программасына маек берди

***Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, профессор, доктор Алпаслан Жейлан 2024-жылдын 4-ноябрында TRT Avaz телеканалынын "Евразия күн тартиби" программасына түз эфирде катышып, Жошкун Өзөндүн суроолоруна жооп берди. Профессор Жейлан университеттин ийгиликтери, Түрк мамлекеттери уюмунун ролу жана Түрк дүйнөсүнө болгон салымдары тууралуу маанилүү билдирүүлөрдү жасады.***



## "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН ИЙГИЛИКТҮҮ ТАРЫХЫ ЖАНА 30 ЖЫЛДЫК СЫЙМЫГЫ

1995-жылы негизделген "Манас" университети 2025-жылы 30 жылдык маарекесин белгилөөгө даярданып жатат.

Ректор, профессор, доктор Алпаслан Жейлан "Манас" университети жаш курагына карабастан, эл аралык деңгээлде жетишкен ийгиликтери менен дүйнөдөгү алдыңкы 1000 университеттин катарына киргенин жана болжол менен 6500 студентти келечектин лидерлери катары тарбиялап жатканын баса белгиледи. Университет дүйнөлүк рейтингде алдыңкы 800 университеттин катарында келе жатканын жана бул чоң ийгилик экенин баса белгилеп, "Президенттин биздин университетке болгон өзгөчө көңүл буруусу бизди сыймыктантып, мотивациябызды күчөтөт. "Манас" университети катары аларга терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз", – деди.

## БООРДОШТУК НЕГИЗИНДЕГИ ӨНҮГҮҮ

Түркия Республикасынын президенти Режеп Тайып Эрдогандын "Манас" университетине көрсөткөн өзгөчө көңүл бурусун белгилеген профессор Жейлан бул колдоонун университеттин өнүгүүсүнө чоң салым кошуп жатканын айтты. Профессор Жейландын айтымында, президент Режеп Тайып Эрдоган университеттин ар бир долбооруна өзгөчө көңүл бурат жана "Урматтуу президенттин колдоосу бизге чоң дем берип, анын көңүл буруусу иштөөгө болгон каалообузду арттырат", – деди.

Профессор Жейлан 2021-жылдын 12-ноябрында Стамбулда негизделген Түрк мамлекеттери уюмунун максаты мамлекеттер аралык биримдик түзүү менен катар Ислам дүйнөсүнө тынчтык жана боордоштук билдирүүсүн жеткирүү экенин белгиледи. "Түрк мамлекеттеринин ортосундагы боордоштук сезими эми бекемирээк негиздерге таянып жатат. Түрк мамлекеттеринин ортосундагы бажы биримдиги жана алфавит биримдиги сыяктуу долбоорлор кызматташтыкты бекемдеген маанилүү кадамдар болуп эсептелет. Уюштурулуп жаткан долбоорлор маданий жана экономикалык байланышыбызды дагы да күчөтөт. Тарых бою түрк мамлекеттери биргелешип аракеттенгенде күчтөнүп, бул күч менен тынчтык жана адилеттүүлүк орногонун көрүп келдик", – деди ректор Жейлан.

## БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА МАДАНИЯТТАГЫ КЫЗМАТТАШТЫК: "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН ҮЛГҮСҮ

Түрк мамлекеттери арасында билим берүүдө бирдиктүүлүктүн зарылдыгын баса белгилеген ректор Алпаслан Жейлан, "Манас" университетинин бул жаатгагы лидердик ролуна өзгөчө көңүл бурду. "Манас" университетинин бүтүрүүчүлөрүнө иш табуу мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылып, эл аралык деңгээлде таанылган билим берүү сапаты менен Борбордук Азиядагы эң көрүнүктүү билим берүү мекемелеринин бири болуп эсептелерин айтты. "Билим берүү биримдигинин мыкты мисалдарынын бири – бул "Манас" университети. Биз Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы бул билим берүү көпүрөсүн бүткүл Түрк дүйнөсүнө жайылтууну максат кылып жатабыз. Биздин бүтүрүүчүлөр иш издөөгө муктаж болбой, жогорку деңгээлде квалификацияланган адистер катары карьерасын башташат", – деп ректор Алпаслан Жейлан университеттин студенттерине көрсөтүлгөн мүмкүнчүлүктөрдү белгилеп өттү.

## МАДАНИЙ БӨЛҮШҮҮ ҮЧҮН ЖАЛПЫ НЕГИЗ: АЙТМАТОВ ЖАНА ТҮРК АДАБИЯТЫ

Ректор Алпаслан Жейлан маекте Түрк дүйнөсүнүн маданий баалуулуктарын бөлүшүүнүн маанилүүлүгүн белгилеп, дүйнөгө белгилүү жазуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары түрк жаштары үчүн жеткиликтүү болуусунун жалпы маданий негизди өнүктүрүү үчүн чоң кадам экенин билдирди. Алфавит биримдигинин мындай маданий өз ара байланыштарды чыңдоого кошкон салымын баса белгилеген профессор Жейлан: "Айтматовдун чыгармалары сыяктуу түрк дүйнөсүндөгү философиялык ой-пикирлер жана адабий эмгектер жалпы негизде биригүү үчүн күчтүү көпүрө болот", – деп билдирди.

## КЕЛЕЧЕКТЕГИ САММИТКЕ ДАЯРДЫК ЖАНА ТҮРК ДҮЙНӨСҮ ҮЧҮН ЖАКШЫ КАБАРЛАР

Ректор, профессор, доктор Алпаслан Жейлан Түрк дүйнөсү уюмунун саммити түрк мамлекеттеринин ортосундагы байланыштарды дагы бекемдей турганына ишеним билдирип: "Бул саммиттин жыйынтыктары Түрк дүйнөсүндө жаңы доордун башталышын жар салат. КТМУ (Кыргыз- Түрк "Манас" университети) катары биз бул улуу биримдиктин билим берүү тармагындагы өкүлү болууну сыймыктануу менен кабыл алабыз", – деп кошумчалады.

## ТЕҢИР-ТОО КОЙНУНДАГЫ АЛТЫН КӨПҮРӨ

Профессор Алпаслан Жейлан "Манас" университети Кыргызстан менен Түркиянын ортосунда гана эмес, Түрк дүйнөсүндө билим берүү тармагындагы "Алтын көпүрө" миссиясын аткарып жатканын баса белгиледи. Ага кошумчалай ректор Алпаслан Жейлан : "Теңир-Тоо түрк элинин жана түрк маданиятынын эң терең издерин сактаган, ошондой эле жалпы тарыхтын маанилүү символу болуп саналат. Бул жерде негизделген "Манас" университети Түрк дүйнөсүндө билим берүү көпүрөсү катары ишин улантат. Бул миссияны бүткүл Түрк дүйнөсүнө жайылтуу – биздин эң чоң максатыбыз", – деп сөзүн жыйынтыктады.

## Кыргыз-Түрк кол өнөрчүлүгү:

# "ӨТКӨНДҮН ДАҢАЗАСЫН КЕЛЕЧЕККЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ"







***"Манас" университетинин чамгарагында кыргыз жана түрк маданияттарын жолуктурган маңыздуу көргөзмө болуп өттү.***

КТМУ, Ankara Olgunlaşma Enstitüsü жана "Аталар изи" коомдук фонду биргеликте уюштурган "Өтмүштүн даңазасын келечекке өткөрүп берүү" аталышындагы кыргыз-түрк кол өнөрчүлүк көргөзмөсү 2024-жылдын 4-6-ноябрь күндөрү болуп өттү. Бул уникалдуу иш-чара эки өлкөнүн тамыры терең кол өнөрчүлүгүн жана бай маданий мурастарын жаңы муундарга даңазалоо менен катышуучулардын кызыгуусун арттырды.

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин гуманитардык факультетинин тарых бөлүмүнүн ага окутуучусу, PhD., профессор Незахат Жейландын координаторлугунда уюштурулган жана КТМУнун Камкорчулар кеңешинин төрагасы, PhD., профессор Ибрахим Чапак менен ректор, PhD., профессор Алпаслан Жейлан тарабынан ачылган көргөзмөгө проректор, PhD., профессор Режаи Доган, ректордун кенешчиси, PhD., профессор Кемал Полат, Ankara Olgunlaşma Enstitüsü төрайымы Ахсен Хыдыроглу, "Аталар изи" коомдук фондунун негиздөөчүсү Асел Калканова, көркөм өнөр факультетинин ага окутуучусу Бурул Мамбетова ж.б. коноктор катышты.

### Кол өнөрчүлүк көргөзмөсү менен маданий мураска басым жасоо

Көргөзмөнүн ачылышында "Манас" телеканалына берген маегинде PhD., профессор Незахат Жейлан президент Режеп Таййип Эрдоган жана анын жубайы Эмине Эрдогандын Бишкекте болушу-




на кубангандыгын билдирди. Түрк мамлекеттер уюмунун 11-саммитине карата бүткүл түрк дүйнөсүнүн жетекчилеринин Бишкекте жолугушуусу алар үчүн чоң сыймык экенин белгиледи.

PhD., профессор Незахат Жейлан өз сөзүндө өткөрүлүп жаткан көргөзмөдө маданий мурасты сактоо жана аны келечек муундарга өткөрүп берүүнүн маанилүүлүгүн белгилеп, "бул көргөзмөнү уюштуруудагы максатыбыз - 1995-жылы кыргыз-түрк кызматташтыгынан улам негизделген окуу жайыбыздын маданий жактан биримдикти чагылдыруусу болуп эсептелет. Буга байланыштуу университетке Ankara Olgunlaşma Enstitüsü тарабынан даярдалган кол өнөрчүлүк буюмдары алынып келинди. Мындан тышкары, көргөзмөгө кыргыз айымдары жасаган жергиликтүү кол өнөрчүлүк буюмдары коюлду", - деди.

"Манас" университетинде кыргыз-түрк маданий баалуулуктарын бөлүшүп, катышуучуларды биримдикке чакырууну каалаганын билдирген PhD., профессор Незахат Жейлан бул маанилүү иш-чарага салым кошкондордун баарына ыраазычылык билдирди.

Көргөзмөдө кыргыздын салттуу кол өнөрчүлүгү көз жоосун алды

КТМУнун көркөм өнөр факультетинин ага окутуучусу Бурул Мамбетова жана анын шакирттери Кыргызстандын үрп-адаттарын чагылдырган атайын көргөзмө даярдашты. Көргөзмөгө кыргыздын улуттук кийимдери, токулган килемдер жана башка салттуу кол өнөрчүлүк буюмдары коюлду. Бул эмгектер кыргыз маданияты менен жакындан таанышууну каалаган конокторго кызыгуу жаратты.

Мындан тышкары, көргөзмөдө "Аталар изи" коомдук фондунун негиздөөчүсү жана кыргыз саймасынын чебери Асел Калканова кыргыз маданиятын чагылдырган улуттук кийимдерди, аксессуарларды тартуулады. Калканова катышуучуларга Кыргызстандын маданий баалуулуктары тууралуу айтып берип, салттуу кийимдерге чач учтук, жоолук, кеп такыя, элечек, тумар чач, калпак, курак, чыптама жана шамалбак сыяктуу кыргыздын улуттук кийимдери, баалуулуктары тууралуу маалымат берди.

Сайма көргөзмөсү

Ankara Olgunlaşma Enstitüsü төрайымы Ахсен Хыдыроглу Кыргызстанга жана "Манас" университетине келгенине кубанычта экенин билдирди. Ал сайма көргөзмөсүнүн XVIII-XIX кылымдарга таандык чет өлкөлөрдөн алынып келинген үлгүлөрдү камтыганын белгилеп, "Ankara Olgunlaşma Enstitüsü цехтеринде даярдалган оригиналдуу дизайндар жана кылдат кол өнөрчүлүк менен жасалган салттуу буюмдар көргөзмө стенддеринде коноктор-го тартууланды", - деди.

Көргөзмөдө француз зыгыр кездемелерине саймаланган түрк кол өнөрчүлүгүнүн ыкмасында жасалган дизайндар көрсөтүлсө, "өдемиш" жибек жип менен саймаланган салттуу кол өнөрчүлүк да көпчүлүктүн көңүлүн бурду. XVII кылымга таандык кол менен боелгон, оймо-чиймелер менен саймаланган туш кийиз да көргөзмөнүн эң көрүнүктүү экспонаттарынын бири болду.

Бул эмгектер түрк маданиятынын мыкты кол өнөрчүлүгү менен айкалышкан салттуу жана заманбап стилде көргөзмөгө келгендерге тартууланды.

"Өткөндүн даңазасын келечекке өткөрүп берүү" көргөзмөсү кыргыз жана түрк элдеринин маданий баалуулуктарын сактоонун маанилүүлүгүн дагы бир жолу баса белгиледи. Көргөзмө кол өнөрчүлүктү жайылтуудан тышкары, бул баалуу салттарды сактап калуу жана келечек муундарга өткөрүп берүү максатында маданий элчи милдетине айланды.

Иш-чарада кыргыз жана түрк кол өнөрчүлөрү жараткан көз жоосун алган эмгектер көрсөтүлүп, эки өлкөнүн орток маданий мурастарын камтыган бекем байланыш түзүлдү. Салттуу искусствону келечек муундарга өткөрүп берүү үчүн көпүрө болгон көргөзмө кыргыз жана түрк бай маданияттарын жолуктуруп, катышуучуларга терең маданий тажрыйба тартуулады.

# ПРЕЗИДЕНТ РЕЖЕП ТАЙЙИП ЭРДОГАН КЫРГЫЗ-ТҮРК ДОСТУК МАМЛЕКЕТТИК ООРУКАНАСЫНЫН АЧЫЛЫШ АЗЕМИНЕ КАТЫШТЫ




***Президент Режеп Таййип Эрдоган Кыргызстандын борбору Бишкекте ТИКА тарабынан курулган "Режеп Таййип Эрдоган Бишкек Кыргыз-Түрк Достук мамлекеттик ооруканасынын" ачылыш аземине катышты***

*Түркиянын кызматташтык жана координация агенттиги башкармалыгы*

### *ТИКАнын Бишкектеги салымы*

Түркиянын Кызматташтык жана Координация Агенттиги (ТИКА) тарабынан курулган бул заманбап оорукананын жалпы аянты 12 миң чарчы метрди түзөт. Оорукананын 72 орундук бейтапка арналган керебети бар. Ачылыш аземине Түркиянын президенти Режеп Таййип Эрдоган баш болгон бир катар расмий адамдар, анын ичинде Түндүк Кипр Түрк Республикасынын президенти Эрсин Татар, Түркиянын тышкы иштер министри Хакан Фидан жана башка министрлер катышты.

### *Президент Эрдогандын билдирүүсү*

Президент Эрдоган мындай медициналык мекемени куруу менен Кыргызстанга чоң салым кошуп жаткандарын баса белгилеп, "мындай оорукана менен сыймыктанууга толук негиз бар", - деди ал.

### *Оорукананын өзгөчөлүктөрү жана кызматтары*

Оорукананын иши 2021-жылдын 15-октябрында башталган. Ал кардиология, жүрөк жана кан тамыр хирургиясы, өпкө оорулары, анестезиология жана реанимация, радиология жана тез жардам сыяктуу бөлүмдөрдө кызмат көрсөтөт. Мындан тышкары, эки операциялык блок, ангиографиялык бөлүм жана 22 интенсивдүү терапия керебети менен жабдылган. Жыл сайын орточо 15 миңден ашуун бейтап кабыл алынат жана 200гө жакын жүрөк-кан тамыр хирургиясы операциялары жасалат.

Оорукананы заманбап медициналык жабдуулар менен жабдыган ТИКА кыргыз жана түрк дарыгерлеринин биргелешип ийгиликтүү операцияларды жасашына шарт түздү.

2024-жылы Кыргызстандын өкмөтү бул ооруканага Түркиянын президенти Режеп Таййип Эрдогандын ысымын ыйгарды, бул анын курулушуна кошкон чоң салымы үчүн көрсөтүлгөн сый-урмат болуп саналат.

Иш сапардын алкагында Юнус Эмре институтунун Бишкектеги түрк маданий борборун Түркия Республикасынын Маданият жана туризм министри Мехмет Нури Эрсой ачты.







***Түркия Республикасынын президенти Режеп Тайийп Эрдогандын жубайы Эмине Эрдоган Бишкекте Кыргызстандын президенти Садыр Жапаровдун жубайы Айгүл Жапарова менен бирге Түркия Маариф Фондуна (TMV) таандык, 1 453 окуучуга билим берген комплекске барып, окуучулар менен жолугушту.***

# ЭМИНЕ ЭРДОГАН КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ТҮРКИЯ МААРИФ ФОНДУНУН МЕКТЕБИНЕ БАРДЫ











Кыргыз окуучулары Эмине Эрдоган айымга гүл берип, түркчө "Саламатсызбы, кош келиңиз" деп тосуп алышты.

Зыяратка Кыргызстандын билим берүү министринин орун басары Расул Авазбек уулу, TMV төрагасы проф. д-р Бирол Акгүн жана TMVнын Кыргызстандагы өкүлү Хүсню Биржан да катышты.

Эмине Эрдоган менен Айгүл Жапарова компьютер жана робот техникасы боюнча коддоо лабораториясы, англис тили бөлмөсү сыяктуу тематикалык бөлүмдөрдү кыдырып, андан соң бала бакча класстарына өтүштү. Ал жерде мектепке чейинки балдардын күз темасына арналган сабактарына катышып, балдар ыр аткарып беришти.

Окуучулардын иштерине жакындан кызыккан Эмине Эрдоган менен Айгүл Жапарова, өзгөчө Кыргызстандын салттуу искусствосун чагылдырган кийиз буюмдарын, токулган продукцияларын жана карандаш менен тартылган сүрөттөрдү карап чыгышты.

Комплексте ишке ашырылып жаткан билим берүү иштерине байланыштуу маалымат алган коноктorго ар кайсы тилдерде жазылган китептер камтылган китепкана да көрсөтүлдү.

Эмине Эрдоган түрк тили үйрөтүлгөн "Түркчө бурчка" өзгөчө кызыгуу көрсөтүп, тилди үйрөтүү боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер тууралуу маалымат алды.

### *Окуучулар TEKNOFESTте ийгиликке жеткен долбоорлорун түркчө тааныштырды*

Кыргыз окуучулар коноктoрго Түркияда өткөрүлгөн TEKNOFESTте биотехнологиялык инновациялар сынагы жана билим берүү технологиялары категорияларында ийгиликке жеткен долбоорлорун түркчө айтып беришти.

Окуучулар "Манас" эпосунан үзүндү айтышып, улуттук музыкалардын коштоосунда элдик бийлерди көрсөтүштү.

Программанын соңунда окуучулар Кыргызстандын салттуу аспаптарынын бири кыл кыяктын коштоосунда Ашык Вейселдин "Узун Инже Бир Ёлдайым" ырын аткарышты.

Иш-чаранын соңунда кыргыз окуучулары Эмине Эрдоганды кол чаап, узатышты.

### *"Балдарыбыз боордоштук жана достуктун издерин кайра жандантты"*

Эмине Эрдоган социалдык медиада бул сапары тууралуу төмөнкүдөй пикирлерин бөлүштү:

"Кыргызстандын президентинин урматтуу жубайы Айгүл Жапарова менен Бишкектеги Түркия Маариф Фондунун билим берүү комплексине бардык. Класстарды кыдырып, илим, технология, искусство жана маданият сыяктуу бардык тармактар боюнча берилген төрт тилдүү билим тууралуу маалымат алдык. Бул билим берүү жайы кыргыз балдарына билим менен куралданып, кыялдарын орундата ала турган мүмкүнчүлүктөрдү ачып берүүдө. Биздин жалпы тилегибиз — билим менен калыптанган жана баалуулуктар менен тарбияланган муундардын өз өлкөлөрүнө жана түрк дүйнөсүнө жарык чачкан жол көрсөтүүчү болушу. Кыргыз балдарыбыздын салттуу күүлөрдү чын ыклас менен аткарышы көзүбүзгө достуктун жана боордоштуктун издерин кайрадан жандантты. Ошондой эле, бул зыяраттын алкагында TEKNOFESTте ийгиликтүү долбоорлорду ишке ашырып, өз өлкөсүн сыймыктануу менен тааныткан окуучуларыбыз менен жолукканыма өзгөчө кубандым. Аларга мындан аркы ийгиликтерди каалаймˮ.

*Түркия Маариф Фонду*

# КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ ПРЕЗИДЕНТТЕР ЭРДОГАН ЖАНА ЖАПАРОВДУН КОЛДООСУ МЕНЕН ЖАҢЫ ДООРГО КАДАМ ТАШТАЙТ



Кыргыз-Түрк «Манас» университети (КТМУ) 2024-жылдын 5-ноябрында Түркия Республикасынын Президенти Урматтуу Режеп Таййип Эрдоганды кабыл алып, тарыхый учурга күбө болду. Иш сапарындагы тыгыз графигине карабастан, түрк дүйнөсүндөгү эң ири билим берүү кызматын көрсөтүп келген Кыргыз-Түрк «Манас» университетине келгендиги үчүн өзүмдүн жана университеттин атынан Президентибизге терең ыраазычылык билдирем.

Президентибиздин университетибизге болгон иш сапары эки боордош өлкөнүн ортосундагы терең байланышты жана бекем кызматташтыкты чыңдоо жаатында урунттуу учур гана болбостон, ушул эле учурда Кыргыз-Түрк «Манас» университети түрк дүйнөсүнүн орток баалуулуктарын жана маданий мурастарын кантип бириктирип, бекемдеп жаткандыгын дагы бир ирет көрсөттү. Президенттин бул маңыздуу иш сапары баарынан мурда Түркия менен Кыргызстандын ортосунда бекем көпүрө кызматын аркалап келген университеттин жалпы түрк дүйнөсү үчүн маанисин баса белгилейт.

Президентибиз Урматтуу Режеп Таййип Эрдогандын Кыргызстанга жасаган иш сапарынын алкагында Кыргызстандын Президенти тарабынан тапшырылган «Манас» ордени эки өлкөнүн ортосундагы эң жогорку деңгээлдеги достук жана кызматташтык алакасын көрсөтүп




турат. Президентибиздин Түрк мамлекеттер уюмунун саммитине катышуусу аймактык кызматташтыкты чыңдоо жаатында барандуу салым кошту.

Президентибиздин катышуусунда ачылыш аземи өткөрүлгөн Режеп Таййип Эрдоган Достук бейтапканасы жана Юнус Эмре институту эки өлкөнүн саламаттыкты сактоо жана маданият тармагындагы кызматташтыгынын конкреттүү көрсөткүчү болуп саналат. Ушуну менен катар Түркиянын Биринчи айымы Эмине Эрдогандын ТРнын «Маариф» фондунун билим берүү комплексине барышы билим берүү тармагындагы кызматташтыктын олуттуулугун көрсөтүп турат.

Президентибиз Кыргызстанга жасаган иш сапарынын алкагында сүйлөгөн сөзүндө Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы достук жана бир туугандык байланыштар бир гана байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин болбостон, келечекке карай бекемделе тургандыгын баса белгиледи. Ушундан улам, Кыргыз-Түрк «Манас» университети жөн гана билим берүү мекемеси болбостон, эки өлкөнүн ортосундагы бекем маданий, илимий жана гуманитардык байланышты түзгөн мекеме болуп саналат. Кыргыз-Түрк «Манас» университети Түркия-Кыргызстан кызматташтыгынын конкреттүү мисалы катары түрк дүйнөсүндөгү ар түрдүү маданиятка ээ, ар кыл чөлкөмдө жашаган жаштардын башын бириктирип, бири-бири менен пикир алмашып, орток келечекти куруусуна шарт түзүү боюнча маанилүү концепцияны аркалап келет.

КТМУнун эл аралык рейтингдердеги ийгиликтери жана туруктуулук жаатында жүргүзгөн ишмердүүлүгү боюнча алдыңкы катарда орун алышы университеттин миссиясын жана концепциясын чагылдырат. QS Орто Азия рейтингинде 10-орунга, QS Азия рейтингинде 230-орунга ээ болуп, QS Туруктуулук рейтингинде Кыргызстандан алгачкы жана жалгыз университети болгондугу академиялык жактан эл аралык деңгээлде таанымал жана абройлуу университет экендигин айгинелейт.

Кыргыз-Түрк "Манас" университети ачылган күндөн тарта азыркы күнгө чейин академиялык ийгиликтери менен катар улуттук иденттүүлүктү бекемдөө жана бир коомго таандык болуу сезимин жаштарыбыздын тулку боюна сиңирүү менен билим берүү сапатын эл аралык стандартка жеткирүүгө жетишти. Бүгүнкү күндө университетибиздин бүтүрүүчүлөрү Кыргызстанда гана эмес, дүйнөнүн ар тарабында илим жана маданият жаатында чоң ийгиликтерди багындырып жатышат. Бул жетишкендиктер университетибиздин келечекте чоң максаттарга жетүүгө болгон ишенимин бекемдейт жана Кыргыз-Түрк "Манас" университети түрк дүйнөсүнүн орток баалуулуктарына канчалык маани бергендигинин көрсөткүчү болуп саналат. Президентибиз Режеп Тайип Эрдогандын бул иш сапары билим берүү тармагында алдыга койгон максаттарыбызга чечкиндүүлүк менен жетүүбүзгө салым кошот деп ишенебиз.

Кыргыз-Түрк "Манас" университети түрк дүйнөсүнүн ар башка географиялык аймактарынан келген жаштарга академиялык билим берүү менен гана чектелбестен, алардын маданий баалуулуктарына жана иденттүүлүгүнө да салым кошуу менен дүйнөлүк масштабда таасири берүүдө. Университетибиз жаштарыбызга түрк-ислам цивилизациясына салым кошуу максатында бир муштумга биригүү мүмкүнчүлүгүн берип, бул цивилизациянын издерин заманбап илим жана технологияга айкалыштыруу менен тартуулоодо. Президентибиз урматтуу Режеп Тайип Эрдоган баса белгилегендей: "Эң негизги максатыбыз – эртеңки күндүн илимпоздорун, академиялык кызматкерлерин, инженерлерин, бюрократтарын, саясатчыларын, маданият жана искусство адамдарын даярдоо. Эң негизги максатыбыз – түрк адабиятынын жаркын жылдызы болгон Чыңгыз Айтматов сыяктуу залкар инсандарды өстүрүү."



Бул жагынан алганда, "Манас" университети берген билим жеке ийгиликти гана көздөбөстөн, түрк дүйнөсүнүн орток келечегине кызмат кылуусун да көздөйт.

"Манас" университети түрк дүйнөсүнүн орток келечекти түзүү максатына ылайык илимий изилдөөлөрдү жана маданий долбоорлорду ишке ашыруу менен маанилүү кадамдарды таштоодо. Түрк мамлекеттер уюму сыяктуу эл аралык платформалар менен уланып жаткан кызматташтыктарыбыз бул максаттын конкреттүү көрсөткүчтөрү болуп саналат. Университетибиздин түрк дүйнөсүнө кошкон салымы академиялык чөйрөдөгү жетишкендиктер менен гана чектелбейт, маданий баалуулуктарды сактоо жана жайылтуу боюнча да университетиибиз маанилүү иштерди аткарууда. Жыл сайын өткөрүлүүчү эл аралык конгресстер, маданий иш-чаралар жана семинарлар "Манас" университетинин эл аралык деңгээлдеги ийгиликтерге жетүүсү үчүн маанилүү роль ойноодо.

Президентибиз урматтуу Режеп Тайип Эрдоган өзүнүн иш сапарында белгилегендей, "Манас" университетинин билим берүүдөгү бул чоң жетишкендиктери түрк дүйнөсүнө үлгү болорлук моделди калыптандырды. Университетибиз билим берүү жаатындагы эл аралык деңгээлдеги ийгилигин илимге жана маданиятка салым кошуу аркылуу жетишкен кадыр-баркы менен бекемдеди. Бүгүнкү күндө "Манас" университетинин бүтүрүүчүлөрү дүйнөнүн 45 өлкөсүндө иштеп, түрк дүйнөсүнүн маданий мурастарын эл аралык аренада дүйнөгө таанытууда. Аталган жетишкендиктер КТМУнун түрк дүйнөсүндөгү ролунун жана эл аралык аренадагы таасиринин көрсөткүчү болуп эсептелет.

Президент Режеп Тайип Эрдоган мырзанын Кыргызстанга, айрыкча биздин окуу жайыбызга болгон иш сапары "Манас" университетинин өткөндөн келечекке карай сапары тууралуу ой жүгүртүүгө мүмкүнчүлүк берет. Тактап айтканда, Манас" университети түптөлгөн күндөн тарта эки өлкөнүн боордоштугуна салым кошуу менен жаштардын карьерасынын гумандык, кесиптик жана илимий негизин түзгөн билим берүү системасы, миссиясы жана көмөк көрсөтүүсү аркылуу Кыргызстан үчүн гана эмес, бүткүл түрк дүйнөсү үчүн да жаңы эшиктерди ачкан окуу жай катары суктанарлык жолду басып өттү. "Манас" университетинин институционалдык жактан бар болуусун ушул өңүттөн баалоо керек. Бул – тарыхый көз караш. Бирок бул – шыктандыруучу сөздөр менен эмес, реалдуу көз караш менен кароого умтулуу. Университет акыл менен илимдин жетекчилиги астында өнүгүүсү, түптөлүш философиясы, негиздөөчү эркинин бекемдиги, билим берүүдөгү сапаты, анын жакшы салттарын азыктандырган ресурстардын күчү жана байлыгы, келечекке умтулуусу, ой жүгүртө билген, суроо бере алган, өзүн-өзү өзгөртүп-өнүктүргөн, жаратман муундарды тарбиялоого кошкон салымы менен чынар дарагы сыяктуу өнүп-өсүп, тамыр жаят. Антпесе, дүйнөдө болуп жаткан окуяларды биле бербеген, алардын алдын ала албаган, алдына максат койбогон, башка университеттер менен атаандаштыкка туруштук бере албаган, тууроодон ары жылбаган, өзүнчөлүгү жок университет бир орунда туруп калат жана артка кетүүгө дуушар болот. Глобалдык көйгөйлөргө жана аларды чечүү жолдоруна, мүмкүнчүлүктөр менен коркунучтарга, карама-каршы жана бири-бирин

кайталаган аспектилерге көңүл бурган, көз карандысыз түрк тилдүү мамлекеттерди жана түрк дүйнөсүн бүтүндөй баалаган мамиленин жана тарыхый перспективанын жемиши болгон "Манас" университети түптөлүшүнүн 30 жылдыгында өзүнүн бар болушун "көпүрө" метафорасы менен гана баалабайт. Технологиялык өнүгүүнүн деңгээли, ааламдашуу концепциясынын барган сайын коомдордун өз ара байланыш жана аракеттенүүсү үчүн көбүрөөк чөйрөлөрдү сунуштап жаткандыгы, жергиликтүү көйгөйлөрдүн глобалдык таасири өлкөлөр ортосундагы аралыктардын өз маанисин жоготконуна алып келди. Дүйнө тездик менен өзгөрүүдө, көйгөйлөр барган сайын көбөйүүдө. Бул тогуз жолдун тоомунда университеттин туюк айлампанын ичинде өзүн-өзү кайталап турушу, өз алкагынан чыга албашы, ортозарлыгы процесстерден жана натыйжалардан четте калуусу дегенди билдирет. Мына ушул жергиликтүү, аймактык жана глобалдык белгисиздикке, технологиялык өнүгүүнүн ылдамдыгына, экономикалык көйгөйлөргө, түшүнүктөрдүн маанисинин жоголушуна жана ал тургай чындыкты көрүү жана кабылдоо жөндөмдүүлүгү да күмөн жараткан мындай татаал процесстерге карабастан, "Манас" университети колундагы мүмкүнчүлүктөр менен пассивдүү позицияда эмес, субъект катары басып өтө турган көпүрө катары эмес, эки өлкөнүн боордоштугунан азыктанып, Манас атабыздын жоокердик рухуна таянып, анын атын алган университет бүткүл түрк дүйнөсүндө каршылыктын булагы, илимий өндүрүштүн, акыл-эстин, идеянын жана аң-сезимдин булагы катары жолун улантууну каалайт.

Мамлекет башчыбыздын иш сапарынан кийин "Манас" университети бул тарыхый учурду алдыга алып баруу жоопкерчилигин өзүнө алат. Түрк дүйнөсүнүн келечегине жарык чачкан, илимий өнүгүүлөрдү жакындан ээрчиген, дүйнөнүн өнүгүшүнө салым кошкон жана ошол эле учурда маданий баалуулуктарыбызды сактай билген жаштарды тарбиялоону биз өзүбүздүн миссиябыз катары тааныйбыз. Биздин максат – жаштарыбызды түп-тамыры бекем келечек менен камсыз кылуу жана ага күн сайын көбүрөөк салым кошуу. 21-кылымдын "түрк элдеринин кылымы" болушуна салым кошуу үчүн тынымсыз иштеген, түрк дүйнөсүнүн жаштарынын орток сезимдери жана ойлору бириккен "Манас" университетинде заманбап илимдин талаптарына ылайык иш алып барган, адамзаттын жыргалчылыгы, бейпилдиги, жыргалчылыгы жана бактысы үчүн өз күчүн жана эркин жумшаган жаңы муундарды тарбиялоо максаты түбөлүктүү уланат.

Өлкө башчыбыздын иш сапары – дипломатиялык миссия гана эмес, эки боордош өлкөнүн кызматташтыгын мындан ары өнүктүрүү үчүн чоң мүмкүнчүлүк. Бул сапардын аркасы менен "Манас" университети келечекке ишенимдүү кадам шилтеп, түрк-ислам дүйнөсүнө кошкон салымын дагы да бекемдейт жана бүткүл дүйнөдө мындан ары да ийгиликтерге жетишет. Мамлекет башчыларыбыз Режеп Тайип Эрдоган менен Садыр Жапаровдун колдоосу менен "Манас" университети түрк дүйнөсүнүн орток илим жана маданият очогу катары билимге, маданиятка жана илимге болгон көз карашы менен баарыбыздын жалпы сыймыгыбыз болуп кала берет.

***PhD, профессор Алпаслан Жейлан Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору***













КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ

KIRGIZİSTAN - TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ

1995

*Университеттен да артык...*